# Россияда жашоонун маанилүү эрежелери



*Россия Федерациясында жүргөн ар бир чет элдик жаран өлкөнүн мыйзамдарын, салттарын жана маданий каада-салттарын сактап, урматтоого милдеттүү! Россияга кирүүдөн мурун алар менен таанышып чыгуу зарыл.*

---

***Бардык адамдар үчүн эң маанилүү эрежелердин бири – бири-бирине урмат көрсөтүү.***

Биздин өлкөдө улуттук же диний принциптерге таянуу менен кимдир-бирөөнү кемсинтүү же жаман сөз айтуу кабыл алынбайт. Бул адамдардын ортосундагы мамилелердин эң негизги эрежелеринин бири болуп саналат. Бардык адамдар, улуттук айырмачылыктарына карабастан – улуту, тили, сырткы көрүнүшү, улуттук адаттары жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү менен – жалпы жүрүм-турум эрежелерин сакташат.

Оренбург облусуна келген коноктор жергиликтүү калктын жашоо образына урмат көрсөтүшү керек, сабырдуу болуу, кадыресе мамиле кылуу, жергиликтүү маданиятка карата үстөмдүк же кемсинтүү көрсөтпөө, ошондой эле өлкө жетекчилерине карата кемсинтүү сөздөрдү айтуу болбошу керек.

***Көчөдө жүрүүдө негизги эрежелердин бири*** – айланадагы адамдарга ыңгайсыздык жана жаман таасир тийгизбөө.

# Жергиликтүү калк менен мамилелешүү

*Жергиликтүү калк менен ийгиликтүү мамилелешүү үчүн коомдогу жүрүм-турум эрежелери тууралуу төмөнкү маалыматтарды билүү зарыл:*

- Белгисиз адам менен сүйлөшүп жатканда, ага сыпайы түрдө «Сиз» деп кайрылуу салт болуп саналат.
- «Ага» же «эже» деген кайрылуулар сиздин туугандарыңыз же жакын тааныштарыңыз эмес адамдар менен сүйлөшүүдө ылайык эмес.
- Эгер сиз кимдир бирөөгө кайрылгыңыз келсе, «Саламатсызбы» жана «Кош болуңуз» деген сөздөрдү колдонуу милдеттүү. Эгер сизге ушундай кайрылышса, сөзсүз жооп берүү керек, болбосо бул сыпайсыздык жана урматсыздык катары кабыл алынып, жаңжал жаратышы мүмкүн.
- Эгер сиз белгисиз адамдан бир нерсени сурагыңыз келсе, саламдашуунун ордуна ыңгайсыздык үчүн ечирим сурасаңыз болот. Мисалы: «Кечиресиз, сиз мага жардам бере аласызбы?», «Кечиресиз, дарыкананын кайда экенин билесизби?», «Кечиресиз, азыр канча болду?»
- Ал адам сизге жардам бергенден кийин, ага «Рахмат» же «Сизге ыраазычылык билдирем!» деп ыраазычылык билдирүү салт болуп саналат.
- Эгер сизге жардам же кеңеш керек болсо, коомдук жерде каалаган белгисиз адамга кайрылсаңыз болот – сизге сөзсүз жардам беришет. Бирок эгер адам иштери менен алек болсо (баланы жетелеп келе жатканда, телефон аркылуу сүйлөшүп жатканда, китеп окуп жатканда) – ыңгайсыздык жаратуунун алдын алуу үчүн, ага акырындап кайрылуу жакшы.



# Россияда жашоонун маанилүү эрежелери

**Россия – секулярдуу жана көп улуттуу мамлекет экенин эске алуу маанилүү.**



Россияда мамлекеттик дин жана кайсы бир диндин мыйзамдардан үстөмдүгү жок, ошондуктан дин темаларын көтөргөндө этият болуңуз. Россиянын Конституциясын өзгөртүүгө же Шариаттын мыйзамдары боюнча жашоого аракет кылуунун зарылчылыгы жок, анткени ал Россиянын мыйзамдарына каршы келет.

Россия калкынын көпчүлүгү православ христиандардан турат. Бирок биздин өлкөдө жашаган түпкү элдер арасында мусулмандар, буддисттер жана башка конфессиялардын өкүлдөрү да бар, ошондуктан Россияда болгон учурда бардык диндерге жана улуттарга урмат көрсөтүү зарыл.
Россияда коомчулук алдында кайсы бир динге карата мамилени көрсөтүү (көчөдө диний обряддарды аткаруу, коомдук жайларда намаз окуу, сыйынуу, дуба окуу ж.б.) кабыл алынган эмес. Бул үчүн атайын жайлар бар – храмдар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, дуба окуу бөлмөлөрү ж.б.

Россиядагы бардык мамлекеттик мекемелер, анын ичинде мектептер жана ооруканалар секулярдуу. Эгер сиз балдарыңыз менен Россияга келген болсоңуз жана аларды билим берүү мекемесине киргизүүнү пландасаңыз, мектеп сизден катуу белгиленген мектеп формасын кийүүнү талап кылышы мүмкүн жана диний кийим менен сабакка катышууга тыюу салынган болушу ыктымал. Бул мыйзамдуу болуп саналат!

Россияда жаныбарларга коомчулук алдында курмандык чалуулар катуу тыюу салынган. Муну жасаган адамдар административдик жоопкерчиликке тартылышат.

Россияда ок атуучу жана миздүү куралдарды алып жүрүүгө тыюу салынган. Бул сиз үчүн да, айланадагы адамдар үчүн да кооптуу болушу мүмкүн. Мисалы, Россияда нике тоюнда абага ок атуу салты кабыл алынган эмес жана соттук териштирүүлөргө алып келиши мүмкүн.

Маданий жана тарыхый жайларда, эстеликтердин, маданий белгилердин, музейлердин жанында туура эмес, шыктангандай жүрүм-турум кылбоо зарыл. Россияда Улуу Ата Мекендик согуштун эскерүүсүнө өзгөчө мамиле жасалат, ал урмат менен сакталат жана муундан муунга өткөрүлөт. Ошондуктан Улуу Ата Мекендик согуштун эстеликтеринде, анын ичинде Өчпөс отунда (Вечный огонь) урмат менен жана ылайык жүрүм-турум менен болуу зарыл, ал эми алардын бузулушу катуу жазаланат.

Россияда насвай жана башка медициналык эмес максаттагы наркотикалык заттарды таратуу тыюу салынган. Дарыгерлер насвайды кооптуу наркотикалык зат катары тааныган, ал көз карандылыкка алып келет жана өпкө, ооз, тамак жана ашказан рагына себеп болушу мүмкүн. Колдонуу натыйжасында баш оору, кулабас абал жана эркектин импотенциясы пайда болушу мүмкүн.
Тазалыкты жана тартипти сактоонун маанилүү элементи – тынчтыкты сактоо! Россияда мыйзам тарабынан ызы-чуу чыгарууга тыюу салынган сааттар белгиленген жана бул эрежени бузган учурларда жазалоо каралган. Квартирада ызы-чуу иштерди саат 9:00дон 19:00го чейин жүргүзүүгө болот, бирок 13:00дөн 15:00гө чейин «тыныгуу сааты» катары тыныгуу жасоо милдеттүү.

# Көчөдө жүрүүнүн негизги эрежелери

*Көчөдө/парктта болгондо жасабаш керек болгон нерселер:*

- Жолдо (машиналар жүргөн жерде) басып жүрүү кооптуу болуп саналат;
- Үнду катуу чыгарып сүйлөө, кыйкырып сүйлөө, колдорду жаңсап көрсөтүү, акаарат сөздөрдү айтуу (кайсы тилде болгонунан көз карандысыз);
- Телефонду үнүн катуу кылып сүйлөшүү же видеобайланыш аркылуу сүйлөшүү;
- Кулакчын колдонбостон үнүн бийик чыгарып музыка угуу же видеолор көрүү;
- Көчөгө туура эмес кийим менен же толугу менен кийимсиз чыгуу (эгерде чолок шым жана шлёпанц менен гана болсо);
- Таштандыларды таштоо (таштанды багына же таштанды челекке салбоо), түкүрүү, жаңгактын же семичкенин кабыгын же үрөндөрдү жерге ыргытуу;
- Топтолгон адамдардын арасынан өтүү, жандуу көчөдө чуркап башкаларды түртүп кетүү (жакшыраагы айланып өтүү);
- Балдар аянтчаларында жана подъезддердин жанында шаар мүлкүн, парктарды бузуу, үйлөргө сүрөт же жазуу чегүү, автоунаалардын айнектерин сындыруу, көчөдөгү гүлзардагы өсүмдүктөрдү үзүп алуу ж.б.
- Физиологиялык муктаждыктарын канааттандыруу (даараткананы колдонуу);
- Ири топтор менен чогулуп, дүкөндүн, кафе же турак үйдүн кире беришинде же чыгышында турушу (отуруусу), ошондой эле өтүп бараткан адамдарга агрессия көрсөтүү;
- Өтүп бараткан адамдар жөнүндө өз тилде талкуулоо, башка адамдардын алдында өз тилде сырдашуу, ошондой эле аларга манжасы менен көрсөтүү. Бул түшүнбөстүккө алып келиши мүмкүн жана жаңжалга себеп болушу ыктымал;


*Ар бир мамлекеттин өзүнүн маданий салттары, каада-салттары жана коомдогу жүрүм-турум эрежелери бар, жана кээ бир нерселер сиз үчүн кадимки көрүнүп турганы менен, орустар үчүн кабыл алынгыс болушу мүмкүн, тескерисинче да болушу ыктымал.*



# Коомдук транспортто жүрүм-турум эрежелеринин негиздери

*Коомдук транспортто катуу тыюу салынган нерселер:*

- *Өз ара катуу сүйлөшүү, телефонду үнүн катуу кылып же видеобайланыш аркылуу сүйлөшүү.*
- *Айдоочу менен сүйлөшүүгө, аны айдоодон жана жолго көз салуудан алаксытууга болбойт.*
- *Кулакчын колдонбостон музыка угуу.*
- *Таштандыларды ыргытуу, коомдук жайлврды булгантуу.*
- *Кир же булганган кийим менен жүрүү.*
- *Алкоголдук ичимдиктерди ичүү жана колдонуу.*
- *Тамеки тартуу.*



*Россияда коомдук жайларда тамеки тартуу жана алкоголдук ичимдиктерди ичүү толугу менен тыюу салынган. Тамеки тартуу үчүн атайын бөлүнгөн жерлер бар (тамеки бөлмөлөрү), ал жерде башкаларга тоскоол болбостон тартса болот. Алкоголдук ичимдиктерди ичүү үчүн да атайын жерлер бар – кафелер, барлар, ресторандар. Эгер сиз коомдук жайларда мындай кылсаңыз, коомдук тартипти бузуу үчүн айып пул салынышы мүмкүн! Айып пулдун суммасы 500дөн 3000 рублге чейин болушу мүмкүн.*

*Россиянын бардык шаарларында «Коопсуз шаар» системасы иштейт. Бул система коомдук жайларда жана турак үйлөрдүн двору сыяктуу жерлерде ар бир шаар тургунунун коопсуздугун камсыз кылуу үчүн туруктуу көзөмөлдү камсыздайт. Ошондуктан полицияга одоно бузганды тез эле табуу кыйынчылык жаратпайт.*

# Коомдук транспортто тескерисинче жасалышы керек болгон нерселер:

- *Коомдук транспорттордо сумкаларды жана рюкзактарды чечип, башка жүргүнчүлөргө тоскоол болбогондой абалда жүрүү.*
- *Улуу курактагы адамдарга, карыяларга, кичинекей балдарга жана боюнда бар аялдарга орун берүү. Эгер транспортто отурууга бош орундар болсо, биринчи кезекте ушул жүргүнчүлөр отурушат, андан кийин аялдар, акырында эркектер отурушат.*
- *Коомдук транспорт токтогондо, биринчи болуп жүргүнчүлөр чыгышы керек, андан кийин жаңы жүргүнчүлөр кирет. Бул эшиктер бар бардык жайларга тиешелүү: башкалардын кирүүсү үчүн биринчи адамдар чыгышы зарыл.*
- *Эгер сиз кийинки аялдамада түшүүңүз керектигин түшүнсөңүз, акыркы мүнөттө башкаларды түртүп кетпеш үчүн транспорттун чыгышына алдын ала жакындаңыз. Ошондой эле, башка жүргүнчүлөргө кийинки аялдамадан түшөбү деп сурасаңыз, алардан айланып өтүү керекпи же жокпу түшүнүүгө болот.*
- *Коопсуздук үчүн сөзсүз кармагычтарды кармап туруңуз.*

*Жүргүнчүлөрдүн милдети – жол акысы үчүн төлөмдү төлөө, башкача айтканда билет сатып алуу. Билеттерди кондуктор (коомдук транспорттун салонундагы атайын кызматкер) же айдоочу сатат. Ири шаарларда жүргүнчү транспортто банктын терминалы аркылуу төлөй алат. Эгер сиз жол акысын төлөбөсөңүз, айып пул төлөшүңүз керек болот. Айып пул ар дайым билет сатып алуудан кымбатыраак болот.*



# Каршы жыныстагы адамдар менен жүрүм-турум эрежелеринин негиздери

*Россияда аялдарга мамиле абдан урматтуу, жана аларга берилген укуктар эркектердики менен барабар, ошондуктан аларга тиешелүү урмат менен мамиле кылуу кере.*

- Россияда көп аялдуулук жана көп күйөөлүк мамилелерге тыюу салынган. Эркек же аялда мыйзамдуу түрдө бир гана жубай болушу мүмкүн.
- Россияда никелер эркек менен аялдын ортосунда гана таанылат. Бир жыныстагы никелер өлкөдө тыюу салынган, ал эми ЛГБТ+ кыймылы экстремисттик катары каралат.
- Россияда расмий нике катары ЗАГС органдарында катталган нике гана таанылат. Диний никелер расмий эмес деп эсептелет.
- Россияда жасалма никелерге тыюу салынган. Практика көрсөткөндөй, чет элдик жарандар мындай союзду жеке кызыкчылыгы үчүн – Россия Федерациясынын жарандыгын алуу максатында каттай алышат. Никенин жасалма экени аныкталса, бузган адамдарды оор кесепеттер күтөт жана кийинчерээк жарандык алуу мүмкүнчүлүгү болбойт.
- Россияда белгисиз аялдарга жана эркектерге физикалык жактан тийүү (кол салуу, кучактоо, колунан же кийиминен кармоо ж.б.), балдарга өзгөчө көңүл буруу салтка жатпайт. Мындай аракеттер ыңгайсыздык же кыянаттык катары бааланышы мүмкүн. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо айып пулга же эркиндигинен ажыратууга алып келиши мүмкүн.
- Россияда аялдар салт боюнча ачык түстөгү, кээде ачык кийимдерди кийишет, бул туура эмес көрүнүш эмес жана нормага туура келет, таанышуу ниети менен байланыштуу эмес.
- Сизге жаккан аялдын же эркектин көңүлүн буруу максатында үндөрдү чыгарып (сүрүнүп, цыкылдатып ж.б.) аракет кылбоо керек.
- Бей тааныш аялдарга же эркектерге ресторанга, конокко же сейилдөөгө барууну сунуштоо сунушталбайт.
- Кол көтөрүү, өзгөчө аялдарга, карыяларга жана балдарга карата кол көтөрүү кабыл алынгыс.

**Айланадагы адамдарга дайыма сыпайы жана маданияттуу болуңуз!**
**Эсиңизде болсун, сиздин жүрүм-турумуңуз жана сырткы көрүнүшүңүз боюнча өлкөңүз жөнүндө баа беришет!**

**Подготовлено Министерством региональной политики Оренбургской области**